**“БИРИНЧИ МУГАЛИМ” 12-сынагынын ЭКИНЧИ ТУРУНУН ТАПШЫРМАЛАРЫ**

2-турдун катышуучулары чүчүкулак менен 3 тапшырманын ар бир вариантынан бирден алышат.

ТАПШЫРМА №1

**Окуучу сизге суроо менен кайрылды. Сиздин жообуңуз. Жооп берүү үчүн 2 мүнөт берилет.**

№1 1-класстын окуучусу: Мен сабактарымды апам менен бирге даярдап көнгөнмүн. Апам кечээ бошобой калгандыктан, мен үй тапшырмамды аткарган жокмун, бул жерде менин күнөөм жок.

№2 2-класстын окуучусу: Мен эмне үчүн окуганга аракеттенишим керек? Менин ата-энем эч качан окуган эмес, бирок биз жакшы жашайбыз!

№3 3-класстын окуучусу: Мага китеп окуунун эмне кереги бар? Мен баарын интернеттен билип аламын.

№4 3-класстын окуучусу: Мен кыргыз тилин үйрөнүп эмне кыламын? Мен баары бир чет өлкөгө кетемин, ал жакта эч ким кыргыз тилин билбейт!

№5 4-класстын окуучусу: Кечээ менин ата-энем шаарга кетип, мен уй кайтарып калдым, анан бөбөктөрүмдү да карадым. Ошол үчүн үй тапшырмаларды аткарган жокмун.

№6 4-класстын окуучусу: Менин досторум кечээ баарыбыз сабакка барбайбыз дешти, эгерде мен аларга кошулбасам, алар мени чыккынчысың деп мени менен достошпой коюшмак. Ошол үчүн сабакка келген жокмун.

ТАПШЫРМА №2

**Ата-энелер Сизге кеңеш сурап кайрылышты. Жооп даярдоого Сизге 3 мүнөт берилет.**

№1 Биринчи класстын окуучусунун ата-энеси: Биздин балабыз жакшы окуйт, эсепти да жакшы чыгарат, бирок ал окуганды билбеген балдар менен бир класста окугандан зеригип кетет. Кандай кылуу керек?

№2 Экинчи класстын окуучусунун ата-энеси: Биздин балабыз үй тапшырмага эмнени бергенин эч качан эстеп кала албайт жана эртеси кайсы сабактар болорун билбейт. Эмне кылуу керек?

№3 Экинчи класстын окуучусунун чоң ата-чоң энеси: Биз неберебизди багып жатабыз, анын ата-энеси чет өлкөгө иштеп кеткен. Ал биздин тилибизди албай жатат, бирдеме десек эле, мени үй жумушун жасаганга мажбурлап жатасыңар деп ата-энеме айтам дейт. Эмне кылабыз?

№4 Үчүнчү класстын окуучусунун ата-энеси: Биздин кызыбыз эртели кеч колунан телефон түшпөй, тикток үчүн видео тартуу менен алек, ал бизге үй жумуштарына жардам бергиси келбейт жана үй тапшырмасын да аткарбайт. Ал “Мен тиктоктон көп акча табам, андыктан мага тоскоол болбогула” - дейт. Кандай кылсак болот?

№5 Үчүнчү класстын окуучусунун ата-энеси: Биз эмгек мигранттары болуп үйдөн алыс жүрөбүз. Биз балабыз менен видеобайланыш боюнча кантип аңгемелеше алабыз? Мектепте окуусу кандай экенин, кандай окуп жатканын, деги эле биз аны тескеп жаткандай болбой, бири-бирибизге жылуулук тартуулап, бири-бирибизди жакшы түшүнүү үчүн кандай маанилүү суроолорду берсек болот?

№6 Төртүнчү класстын окуучусунун ата-энеси: Биздин балабыз жаман сөздөрдү колдоно баштады, себебин сурасак, класстагы балдардын баары ушундай сүйлөйт, мен да ошолорго окшош болгум келет дейт. Кандай кылсак болот?

ТАПШЫРМА №3

**Сиз өзүңүздөн кандайдыр бир чара колдонууну талап кылган кырдаалга туш болдуңуз дейли. Андай кырдаалда кандай кылаарыңызды сүрөттөп бериңиз. Тапшырманы аткарууга 3 мүнөт берилет.**

№1 Дилгирленип окуй баштаган биринчи класстын окуучусу кокусунан эле сабактарга кызыгуусун жоготуп, жооп берем деп кол көтөрбөй калды. Кандай кылуу керек?

№2 Экинчи класска жаңы келген балага классындагы балдар менен достошуу кыйын болуп жатат. Сиз ага кандай жардам бересиз?

№3 Үчүнчү класстын окуучусу жакшы ырдагандыктан, анын ата-энеси аны тойлордо ырдатып акча табыш үчүн дайыма тойлорго ээрчитип барат. Ал баланын окууга убактысы жетишпейт. Сиз кандай кыласыз?

№4 Үчүнчү класстын окуучусу дайыма сабакка келбейт же сабактарды көп калтырат. Анткени ал үйүндө бөбөктөрүн карап, сабактарын аткарганга жетишпейт. Анын ата-энеси эмгек мигранттары. Сиздин аракетиңиз кандай болот?

№5 Төртүнчү класстын окуучулары сиз окуучуларга катуу эскертүү берип жатканда видеого тартып алып, контексттин ичинен сиз өтө ачуулуу болгон фрагментин кесип алып, интернетке жүктөп салды дейли. Сиздин реакцияңыз кандай болот?

№6 Төртүнчү класстын окуучусу сабактардан начар жооп бергендиктен, сиз ага төмөн баа койдуңуз дейли. Ал баланын ата-энеси директорго арызданды, директор чыныгы кырдаалды билбейт. Сиз кандай аракеттерди көрөсүз?